| | |
|---|---|
| И-2024-0007<br>*(документтин шифри)*<br>19<br>*(беттин саны)*<br>01.03.2024<br>*(Бекитилген датасы)* | **Ош мамлекеттик университети**<br>**Уюштуруучулук жана башкаруу САЯСАТЫ**<br>**Ош мамлекеттик университетинин сыйлыктары жөнүндө жобо** |

БЕКИТЕМИН
ОшМУнун ректору
К.Г. Кожобеков

# Ош мамлекеттик университетинин сыйлыктары жөнүндө ЖОБО

**2024-жыл**

**Ош мамлекеттик университетинин сыйлыктары жөнүндө**

**ЖОБО**

**ЧЕНЕМДИК ДОКУМЕНТТИН ПАСПОРТУ**

| | |
|---|---|
| Документтин аталышы | Ош мамлекеттик университетинин сыйлыктары жөнүндө |
| Документтин теги | Окуу жайга салымын кошкон кызматкерлердин эмгегин баалоо, даңазалоо, чыгармачылык менен иштөөгө дем берүү, шыктандыруу |
| Документтин түрү | Жобо |
| Бекитилгендиги жөнүндө маалымат | ОшМУнун 2024-жылдын 16-февралындагы Административдик кеңешинин № 17 отурумунда талкууланып, жактырылып, бекитүүгө сунушталган. 2024-жылдын 1-мартындагы ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинин № 6 протоколунун чечими менен кабыл алынган. Б. № 1096-ФХО/24. |
| Документтин шифры | |
| Документтин кыскача аннотациясы | Бул жобо Ош мамлекеттик университетинин сыйлыктарынын түрүн жана шаардык, облустук, ведомстволук, мамлекеттик сыйлыктарга сунуштоонун тартибин, талаптарын аныктайт. |

**ДОКУМЕНТТИН МАЗМУНУ**


| | |
|---|---|
| Титулдук барак | 1-бет |
| Ченемдик документтин паспорту | 2-бет |
| Жалпы жоболор | 3-бет |
| ОшМУнун сыйлыктары жана сыйлануучу талапкерлерге карата талаптар | 3-4-бет |
| ОшМУнун сыйлыктары менен сыйлоо жөнүндө демилге көтөрүүнүн тартиби | 5-6-бет |
| Сыйлыкка көрсөтүү убактысы жана кароо тартиби | 6-бет |
| Сыйлыкка көрсөтүүдө комиссиянын өзгөчө учурларда кароо тартиби жөнүндө | 6-бет |
| КРдин мамлекеттик, ведомстволук, облустук, шаардык сыйлыктарына көрсөтүүнүн тартиби жөнүндө | 6-7-бет |
| Тиркеме 1, 2, 3, 4, 5, 6, 7, 8 | 8-19-бет |




Scanned with CamScanner

| | Ош мамлекеттик университети |
|---|---|
| _____________ (документтин шифри) | Уюштуруучулук жана башкаруу САЯСАТЫ |
| _______ (беттин саны) _______ (Бекитилген датасы) | Ош мамлекеттик университетинин сыйлыктары жөнүндө жобо |

## I. Жалпы жоболор

1. Ушул Жобо Ош мамлекеттик университетинин сыйлыктарынын түрүн жана шаардык, облустук ведомстволук, мамлекеттик сыйлыктарга сунуштоонун тартибин, талаптарын аныктайт.
2. Ош мамлекеттик университетинин сыйлыктарын ыйгаруу - окуу жайга маанилүү жеке салым кошкон адамдардын сиңирген эмгегин баалоонун, даңазалоонун, ошондой эле чыгармачылык менен иштөөгө дем берүүнүн, шыктандыруунун формасы болуп саналат.
3. Ош мамлекеттик университетинин сыйлыктары:
   - "ОшМУга эмгек сиңирген ишмер" төш белгиси;
   - Ардак грамота;
   - Алкыш;
   - Акчалай сыйлык эсептелет.
4. "ОшМУга эмгек сиңирген ишмер" төш белгиси, Ардак грамота, Алкыш сыйлыктарынын аталыштары мамлекеттик тилде жазылат.
5. Ош мамлекеттик университети тарабынан сыйлыктарды кароо боюнча (ОшМУнун окуу иштери боюнча проректор (комиссиянын төрагасы); кадрлар бөлүмүнүн башчысы (төраганын орун басары); кесиптик бирлик комитетинин төрагасы; укук иштер бөлүмүнүн башчысы, кадрлар бөлүмүнүн кызматкери (комиссиянын катчысы) туруктуу комиссия түзүлөт. Комиссиянын курамы ректордун буйругу менен бекитилет.
6. "ОшМУга эмгек сиңирген ишмер" төш белгиси, Ардак грамота, Алкыш, акчалай сыйлык менен сыйлоо комиссиянын чечиминин негизинде Ош мамлекеттик университетинин ректорунун буйругуна ылайык ишке ашырылат.
7. ОшМУнун жамааты салтанаттуу түрдө "ОшМУга эмгек сиңирген ишмер" төш белгиси, Ардак грамота, Алкыш, акчалай сыйлык менен төмөнкү даталуу күндөрдө сыйлана алышат:
   - ***Билим берүү кызматкерлеринин – Мугалимдер жана илим күнүндө;***
   - ***8-март - аялдардын эл аралык майрамында;***
   - ***Университеттин маарекесинде.***

## II. Ош мамлекеттик университетинин сыйлыктары жана сыйлануучу талапкерлерге карата талаптар

8. ***Ош мамлекеттик университетинин Акчалай сыйлыгы:***
   - окуу жайда 4 жылдан кем эмес эмгектенген, университеттин, факультеттин, колледжин, кафедранын ишмердүүлүгүнө активдүү катышкан, педагогикалык, илимий, маданий, спорттук жана тарбиялоо ишинде айырмаланган, чыгармачыл дарамети жогору окутуучулар жана кызматкерлер;
   - окуу жайда көп жыл эмгектенип, 60, 70, 80 жашка толгондо;
   - илимий-педагогикалык автордук окууларды, лекцияларды, семинар ж.б. уюштурганда;
   - студенттерди окуудан сырткары тарбиялоочу иш-чараларды (жеке чыгармачылык кече, концерт, көргөзмө, мелдеш ж.б.) уюштурганда сыйланышат.

9. ***Ош мамлекеттик университетинин Алкышы.***

А) Комиссиянын чечими менен берилүүчү Алкыш:

- окуу жайда жалпысынан 3 (үч) жылдан кем эмес эмгектенген окутуучуларга жана кызматкелерге берилет, эгерде сыйлануучу талапкер мыкты кесипкөйлүгүн көрсөтсө жана жогорку көрсөткүчтөргө жетсе, билим берүү тармагында мамлекеттик саясатты жүзөгө



Scanned with CamScanner

ашырууга активдүү катышса, иши боюнча жаза берилбесе, студенттердин терең билим, тарбия алышын камсыз кылса, комиссиянын сунушу менен ректор жарыялайт;

Б) Ректор тарабынан берилүүчү Алкыш:

- эл аралык, республикалык, ЖОЖдор аралык, университеттик деңгээлдеги иш-чараларды (конкурс, олимпиада, спартакиада ж.б.) ийгиликтүү уюштурса;
- жетекчилик тарабынан берилген тапшырманы жогорку деңгээлде аткарса;
- окутуу, тарбиялоо, илим жана эмгектеги ийгиликтери үчүн жарыяланат.

10. ***Ош мамлекеттик университетинин Ардак грамотасы:***

- университеттеги эмгек стажы жалпысынан 7 (жети) жылдан кем болбогон;
- илим, окутуучулук жана тарбиялоо ишмердүүлүгүндө креативдүүлүгү, новаторлугу менен айырмаланган;
- *окутуучулук ишмердүүлүгүндө төмөндөгүдөй жетишкендиктерге ээ болсо, артыкчылык берилет:*
  - ➢ Педагогикалык кесипке байланыштуу өткөрүлгөн түрдүү карoo-сынактардын ("мыкты лектор", "мыкты окутуучу", "мыкты куратор" ж.б.) жеңүүчүсү болсо;
  - ➢ Студенти олимпиаданын, универсиаданын жеңүүчүсү болуусу (областтык, республикалык, чет өлкөдө);
  - ➢ "Окутуучунун академиялык чынчылдык" көрсөткүчүн аныктоо деп аталган сурамжылоонун көрсөткүчү 50дөн жогору 75тен төмөн болбогон учурда;
  - ➢ Студенттердин өз алдынча иштөөсүн уюштурууда алгылыктуу сапаттык көрсөткүчтөрү болсо.
- *илимий ишмердүүлүгүндө төмөндөгүдөй жетишкендиктерге ээ болсо, артыкчылык берилет:*
  - ➢ Чет өлкөлөрдө өткөрүлгөн конференцияларда билим берүү жана илимий багыттарда (Scopus, Web of Science) докладдарды жасап, макалалары жарыяланса;
  - ➢ Патенттелген илимий ачылыш жасоосу;
  - ➢ ОшМУга чет өлкөлүк өнөктөштөрдү тартуусу;
  - ➢ Эл аралык же республикалык долбоорлор менен иштеп, ОшМУга акча каражатын алып келүүсү;
  - ➢ Министрлик же көз карандысыз уюмдар тарабынан уюштурулган рейтингдерге катышуусу;
  - ➢ Университет тарабынан каржылануучу илимий, инновациялык долбоорлорго катышса;
  - ➢ Акыркы 3 (үч) жылда квалификациясын жогорулатуу курстарына катышса;
  - ➢ Иши боюнча жаза берилбеген болсо сыйланышат.

11. ***"ОшМУга эмгек сиңирген ишмер" төш белгиси:***

- ➢ Университеттеги эмгек стажы жалпысынан 20 (жыйырма) жылдан кем болбогон;
- ➢ Окуу программаларынын, окуу китептеринин, усулдук колдонмолордун автору болсо;
- ➢ Окуу-тарбия процессинде алдыңкы жаңы методдорду жана инновациялык педагогикалык ыкмаларды, мастер-класстарды практикада колдонуусу жана кесиптештери арасында жайылтуусу;
- ➢ Билим берүүнүн сапатын кепилдөөчү ар түрдүү комиссиялардагы, жумушчу топтордогу (көз карандысыз аккредитациялык агенттиктердин эксперти, эл аралык деңгээлдеги жалпы билим берүүнү реформалоо боюнча уюмдардын эксперти) активдүү ишмердүүлүгү болсо;

- ➢ Илимий даражасы, илимий наамынын болуусу;
- ➢ Ойлоп табуу, илимий ачылыштары, монографиялары болуусу;
- ➢ Диссертациялык кеңештин мүчөсү жана кандидаттык, докторлук дисстертацияларга жетекчи болсо сыйланат.
- ➢ Эгер чакырылган адис болсо жана стаждан башка пункттары туура келсе жетекчиликтин сунушу жана комиссиянын чечими менен каралат.

## III. Ош мамлекеттик университетинин сыйлыктары менен сыйлоо жөнүндө демилге көтөрүүнүн тартиби

12. Ош мамлекеттик университетинин сыйлыктары менен сыйлоо жөнүндө өтүнүчтү кафедра, бөлүмдөрдүн жыйынында жамаат демилгелейт жана колледж, факультет, структуралык



Scanned with CamScanner

түзүмдөрдүн жетекчилиги жобонун 7-8-9-10-11-пункттарындагы талаптарга ылайык келүүсүнө карап, Окумуштуулар кеңешинин же Педагогикалык кеңештин чечиминин негизинде тиешелүү сыйлоо материалдар бекитилген формага ылайык даярдалып, декандын, директордун, бөлүмдүн жетекчисинин сунуш каты менен университеттин кадрлар бөлүмүнүн башчысына жиберет.

13. ОшМУнун кызматкери, окутуучусу университеттин сыйлыктарына өзүн-өзү көрсөтө алат.
14. Университетте 5 (беш) жылдан кем эмес жетекчилик бир кызматтык орунда иштеген: кафедра башчысы, декандын орун басарлары, декандар, директорлор, проректорлор жобонун 7,8,9,10,11-пункттарындагы талаптарга ылайык келсе, комиссия карайт.
15. Кадрлар бөлүмүнүн башчысынын (комиссиянын төрагасынын орун басары) көзөмөлү менен биргеликте комиссиянын катчысы талапкерлерден келип түшкөн бардык сыйлоо материалдарды каттоо, буга чейин сыйлык алгандардын маалыматтык базасынан аныктоо, комиссиянын кароосуна даярдоо, комиссиянын чечими боюнча бардык комиссия мүчөлөрүнүн колун койдуруу, сыйлыктарды даярдатуу, типографиядан чыгартуу, тапшырууну уюштуруу ж.б. жумуштарды аткарышат.
16. Документтерди тапшыруу эрежелерин жана мөөнөтүн бузган, белгиленген тартипте даярдалбаган сыйлоо материалдар комиссиянын кароосуна алынбайт, ал эми кабыл алынган бардык документтер кайтарылып берилбейт.
17. Комиссия зарыл болгон учурда көрсөтүлгөн талапкер жөнүндө кошумча маалыматты суроо укугуна ээ.
18. Комиссиянын сыйлоо же сыйлоодон баш тартуу жөнүндөгү чечими боюнча даттануулар, арыздар мыйзам чегинде каралат.
19. Тартиптик жаза колдонулган кызматкерлерди сыйлоого көрсөтүүгө бул жазалар белгиленген тартипте алынып салынганга же жоюлганга чейин жол берилбейт жана аны көзөмөл кылууга сунуштаган тарап милдеттүү.
20. Негизсиз сыйлоого сунуш берген жетекчилер Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартышат.
21. Ош мамлекеттик университетинин "ОшМУга эмгек сиңирген ишмер" төш белгиси, Ардак грамотасы менен бир гана жолу сыйланууга болот.
22. Жеке адамдын юбилейине карата "ОшМУга эмгек сиңирген ишмер" төш белгиси, Ардак грамота, Алкыш сыяктуу сыйлыктар менен сыйлоо жүргүзүлбөйт.
23. Ош мамлекеттик университетинин сыйлыктарын ыйгаруу чектелет. Факультеттин, колледждин, структуралык түзүмдөгү эмгектенген адамдардын саны, жамааттын ийгилиги ж.б. эске алынат.
24. Кызматкерлерди жана профессордук-окутуучуларды сыйлыкка сунуштоодо туруктуу штаттык бирдикте иштеген структурасынан көрсөтүлөт.
25. Сыйлыкка квоталардын бөлүнүшүн комиссиянын төрагасы жана орун басары структура жетекчилери менен алдын ала макулдашат.
26. Ош мамлекеттик университетинин сыйлыгын алган кызматкерди кийинки сыйлыкка көрсөтүүдө 3 (үч) жыл аралыгы сакталат.
27. Комиссиянын сунушунун негизинде ОшМУнун ректорунун буйругу менен Ош мамлекеттик университетинин сыйлыктары ыйгарылат.
28. Даярдалган сыйлыктар тапшырылганга чейин кадрлар бөлүмүнүн башчысында сакталат.
29. Сыйлыктарды тапшыруу кадрлар бөлүмүнүн жетекчилигинде салтанаттуу жагдайда уюштурулуп, сыйлануучунун жеке өзүнө тапшырылат.
30. Сыйлыктарды тапшыруунун алдында ОшМУнун ректорунун буйругун кадрлар бөлүмүнүн башчысы окуйт.
31. Комиссиянын чечимдерин тууралуу даттануулар, арыздар, суроо-талаптар каралбайт, түшүндүрмө берилбейт.
32. Мамлекеттик, ведомстволук, облустук, шаардык сыйлыктарга талапткерлерди кароо боюнча берилген комиссиянын сунушун ОшМУнун ректору Окумуштуулар кеңешинин талкуусуна алып чыгып, анын негизинде жыйын жактырган талапкерлердин документтери даярдалып, тиешелүү структураларга электрондук документ айлантуу системасы "Infodocs" (ведомстволук, облустук, шаардык ж.б.сыйлыктар боюнча) жана АИС "Государственная награда" https://gosnagrada.srs.kg/ (мамлекеттик сыйлыктар боюнча) аркылуу көрсөтүлгөн мөөнөтүндө КБнын жооптуу кызматкери тарабынан жөнөтүлөт.
33. Ош мамлекеттик университетинин сыйлыгы ыйгарылгандыгы жөнүндө маалымат сыйлануучунун эмгек китепчесине жазылат.



Scanned with CamScanner

### IV. Сыйлыкка көрсөтүү убактысы жана кароо тартиби

34. Жылына бир жолу сунушталуучу мамлекеттик, ведомстволук, облустук, шаардык сыйлыктарга билдирүүлөр структуралардан сунушталган квота боюнча *12-февралдан 16-февралга чейин* комиссиянын төрагасынын орун басарына жана катчысына тапшыруусу зарыл.
35. Даяр болгон мамлекеттик, ведомстволук, облустук, шаардык сыйлыктардын тизмесин комиссия *20-февралдан 22-февралга чейин* иликтеп, өз корутундусун ректордун кароосуна киргизүүгө тийиш (комиссиянын төрагасы, орун басары).
36. Окуу жайдын ректору, мамлекеттик, ведомстволук, облустук, шаардык сыйлыктарга көрсөтүлгөн жана комиссиядан өткөн талапкерлерди ОшМУнун ***Окумуштуулар кеңешинин март айындагы жыйынына*** сунуштайт.
37. Ал эми ***8-март - аялдардын эл аралык майрамына*** карата структуралардын билдирүүсүнүн негизинде *26-февралдан 29-февралга* чейин комиссия карайт. Сунушталган квоталардын негизинде структуралардын билдирүүлөрү *16-февралдан 21-февралга чейин* комиссиянын төрагасынын орун басарына жана катчысына тапшыруусу зарыл.
38. Жылдын жыйынтыгы боюнча мугалимдер жана илим күнүнө карата жылына бир жолу берилүүчү "ОшМУга эмгек сиңирген ишмер" төш белгиси, Ардак грамота, Алкыш, акчалай сыйлык менен сыйлоо үчүн тиешелүү документтер ар бир окуу жылында *15-апрелден 20-майга чейин* комиссиянын төрагасынын орун басарына жана катчысына тапшыруусу зарыл

### V. Сыйлыкка көрсөтүүдө комиссиянын өзгөчө учурларда кароо тартиби жөнүндө

39. Ош мамлекеттик университетинин сыйлыктар боюнча комиссиясы **өзгөчө учурларда** Ардак грамота менен сыйлоого укуктуу (Республикалык сынактардан, мугалимдердин республикалык жана эл аралык масштабдагы өткөрүлгөн сынактарынын 1-2-3-орундун жеңүүчүлөрү, студенти республикалык жана эл аралык олимпиадалардан, дүйнөлүк жана Азия оюндарынын жеңүүчүсү деп табылган мугалимдер, ЖОЖдор аралык конкурстар, республикалык же көз карандысыз рейтингдерде алдыңкы катарга чыккан кызматкерлер, билим берүү тармагынын өсүп-өнүгүшүнө, материалдык-техникалык базасын чыңдоого, жогорку көрсөткүчтөргө жетишкендиги үчүн билим берүү тармагында эмгектенген башка кесиптеги адамдар, айрым жамааттар, алардын өкүлдөрү, уюмдар, чет өлкөлүк жарандар ж.б.).
40. Санариптештирүүдө учурдун талабына ылайык автоматташтырылган программаларга катышкандагы (E-Kyzmat, ЭДАС "Infodocs", АИС "Государственная награда" https://gosnagrada.srs.kg/ ж.б.) эске алынат.

### VI. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик, ведомстволук, облустук, шаардык сыйлыктарга көрсөтүүнүн тартиби жөнүндө

41. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик, ведомстволук, облустук, шаардык сыйлыктарга ОшМУнун кызматкерлерин, окутуучуларын көрсөтүүнүн тартиби "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сыйлыктары жөнүндөгү" мыйзамына, "КРдин Өкмөтүнүн Ардак грамотасы жөнүндө", "КРдин Билим берүү жана илим министрлигинин ведомстволук сыйлыктары жөнүндө", "КРдин Өкмөтүнүн Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн сыйлыктары жөнүндө", "Ош шаардык кеңешинин Ардак грамоталары жөнүндө", "Ош шаарынын мэриясынын Ардак грамотасы жөнүндө" ж.б. жоболоруна ылайык жүргүзүлөт.
42. ОшМУнун кызматкерлерин КРдин мамлекеттик, ведомстволук, облустук, шаардык сыйлыктарына көрсөтүүдө Жобонун 7,10,11-пункттарынын талаптарына ылайык жана 38-пунктунун негизинде каралып, сунушталат.
43. Кыргыз Республикасынын Президентинин Ардак грамотасы, КРдин Жогорку кеңешинин Ардак грамотасы, "Билим берүүнүн мыктысы" төш белгиси, КРдин Билим берүү жана илим министрлигинин Ардак грамотасы, Ош облустук, Ош шаардык кеңешинин, мэриясынын Ардак грамотасы ж.б. мамлекеттик сыйлыктарга талапкерлерди көрсөтүү ОшМУнун комиссиясынын сунушу менен ректор Окумуштуулар кеңешинин талкуусуна алып чыгып, жамаат жактырган талапкерлер гана сыйлыктарга көрсөтүлөт (өз алдынча жол менен алынган сыйлыктар жамааттын алдында тапшырылбайт).



Scanned with CamScanner

44. Сыйлык алгандардын документтеринин түп нускасы архивге акт менен тапшырылат. Ал эми сыйлыкка сунушталып, бирок тиешелүү инстанциядан сыйлык берилбей калган учурда документи журналга катталып, кол койдуруу менен талапкердин өзүнө кайтарылып берилет.

*Сыйлоо барагынын үлгүлөрү (мазмуну боюнча), сунуштаманын, жолдомо катттын үлгүлөрү жана сыйлыкка талап кылынуучу документтердин тизмеси тиркелет:*

1. КРдин ББжИМнин ведомстволук сыйлыктары үчүн (ошондой эле бардык министрликтин сыйлыктары үчүн), Ош облусунун ыйгарым укуктуу өкүлүнүн, Ош шаардык мэриясынын, Ош шаардык кеңешинин Ардак грамотасы үчүн (Тиркеме 1);
2. Мамлекеттик сыйлыктын бардык түрү үчүн (Тиркеме 2);
3. КРдин Жогорку Кеңешинин Ардак грамотасы үчүн (Тиркеме 3);
4. КРдин Өкмөтүнүн Ардак грамотасы үчүн (Тиркеме 4);
5. Мамлекеттик тил боюнча берилүүчү сыйлыктар үчүн (Тиркеме 5).
6. Сунуштаманын үлгүсү (Тиркеме 6).
7. Жолдомо каттын үлгүсү (Тиркеме 7).
8. Сыйлыкка талап кылынуучу документтердин тизмеси (Тиркеме 8).

***Колдонулган адабияттар:***


1. КРдин мамлекеттик сыйлыктарына жана ардак наамдарына сунуш кылуунун, сыйлоонун, тапшыруунун, дубликаттарын берүүнүн, ыйгаруу жана сыйлоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыктарын жокко чыгаруунун тартиби жөнүндө ЖОБО, КРдин Президентинин 2023-жылдын 22-февралындагы ПЖ №34 Жарлыгынын редакциясына ылайык);
2. КРдин Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын сыйлыктары жөнүндө ЖОБО, КРдин Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын буйругу, 2023-ж.;
3. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Ардак грамотасы жөнүндө ЖОБО, КРдин Өкмөтүнүн 2018-жылдын 22-октябрындагы №497, 2019-жылдын 27-декабрындагы №714 токтомдорунун редакцияларына ылайык);
4. КРдин Жогорку Кеңешинин Ардак грамотасына сунуш кылуу, аны тапшыруу, эсепке алуу жана сактоо, дубликат берүү жана сыйлоо тууралуу чечимди жокко чыгаруу тартиби жөнүндө ЖОБО, КРдин Жогорку Кеңешинин төрагасынын 2023-жылдын 27-мартындагы №15-НИ тескемеси;
5. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин ведомстволук сыйлыктары жөнүндө ЖОБО, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2022-жылдын 23-майындагы №948/1 буйругу;
6. О ведомственных наградах министерства здравоохранения Кыргызской Республики, Министрество здравоохранения КР, приказ №483, 19.04.2022;
7. Ош мамлекеттик университетинин Жамааттык келишими, буйрук №3175-ФХД/22, 2022-жылдын 25-августу;
8. Ош мамлекеттик университетинин ички эмгек тартип эрежелери, буйрук №584-ФХД/21, 2021-жылдын 24-февралы.


Түзгөн: Кадрлар бөлүмүнүн башчысы Г.Турдубаева



Scanned with CamScanner

**Тиркеме 1**

# СЫЙЛОО БАРАГЫ

1. Фамилия, аты, атасынын аты: ______________________________
2. Кызматы, иштеген мекеменин аты: (иштеген мекеме жана ээлеген кызматы так көрсөтүлсүн)______________________________
3. Туулган жылы, айы ______________________________
4. Улуту ______________________________
5. Билими, окуу жайдын аталышы______________________________
6. Илимий даражасы, илимий наамы______________________________
7. Мамлекеттик жана ведомстволук сыйлыктары: (сыйлыктын аталышы), датасы______________________________
______________________________
______________________________
______________________________
8. Жалпы иш стажы ______________
9. Тармактагы иш стажы ______________
10. Жамааттагы иш стажы ______________
11. Кайсы сыйлыкка сунушталды______________________________
______________________________

"____" ______________20___-ж. протоколдун №________

(педсоветтин, окумуштуулар кеңешинин чечими)

12. Дареги, телефону: ______________________________
13. Талапкердин эмгек жолу жана билим берүү тармагындагы кошкон өзгөчө эмгектери:
______________________________
______________________________
______________________________
______________________________
______________________________
______________________________
______________________________
______________

**ОшМУнун ректору:** ______________ ______________

(аты-жөнү) (колу)

"_____" ________20__-ж. М.О.



Scanned with CamScanner

Тиркеме 2

# СЫЙЛОО БАРАГЫ

1. Фамилиясы, аты, атасынын аты: ________________________________
2. Кызматы, иштеген, кызмат кылган жери ________________________________
________________________________
3. Жынысы ________________________________
4. Туулган жылы жана жери ________________________________
5. Жарандыгы ____________
6. Улуту ____________
7. Билими ________________________________
(кайсы окуу жайын, кайдан жана качан бүткөн)
8. Илимий даражасы, илимий наамы ________________________________
________________________________
9. СССРдин, Кыргыз Республикасынын кайсы мамлекеттик сыйлыктар менен сыйланган, датасы: ________________________________
________________________________
10. Жалпы иш стажы ________________________________
11. Тармактагы иш стажы ________________________________
12. Бул жамааттагы иш стажы ________________________________
13. Иш жүзүндө жашаган дареги ________________________________
Катталган дареги ________________________________
Байланыш телефону ________________________________
14. Сыйлануучунун өзгөчө сиңирген эмгеги:
________________________________
________________________________
________________________________
________________________________
________________________________
15. ________________________________
________________________________
(сыйлоо жөнүндө өтүнүч билдирилген мамлекеттик органдын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын, ишкананын, мекеменин, уюмдун аталышы)
________________________________
________________________________
(талапкердин аты-жөнү, кызмат орду)
талапкерлиги талкууланды.
________________________________
(кандай чечим кабыл алынды, күнү, чечимдин №)
чечим кабыл алынды.
________________________________
(сыйлыктын, ардак наамдын аталышы)

**ОшМУнун ректору:** ________________ ____________
(аты-жөнү) (колу)

"_____" ________20__-ж. М.О.



Scanned with CamScanner

16. Мамлекеттик органдар, жергиликтүү мамлекеттик администрациялар:

______________________________________________

(аймактык органдын, түзүмдүк бөлүмдүн, администрациянын аталышы)

______________________________________________

______________________________________________

(талапкердин аты-жөнү, кызмат орду)

талапкерлиги талкууланды.

______________________________________________

(кандай чечим кабыл алынды, күнү, чечимдин №)

чечим кабыл алынды.

Жетекчи

______________________ ______________________

(аты-жөнү, кызмат орду) (колу)

20__-жылдын "____"__________ М.О

17. Сыйлоого сунуш кылуу субъекти:

______________________________________________

(органдын аталышы)

______________________________________________

______________________________________________

(талапкердин аты-жөнү, кызмат орду)

талапкерлиги талкууланды.

______________________________________________

(кандай чечим кабыл алынды, күнү, чечимдин №)

чечим кабыл алынды.

Жетекчи

______________________ ______________________

(аты-жөнү, кызмат орду) (колу)

20__-жылдын "____"__________ М. О.



Scanned with CamScanner

Тиркеме 3

## СЫЙЛОО БАРАГЫ

1. Фамилиясы, аты, атасынын аты____________________

Эгер мурда фамилиясы, аты, атасынын аты башка болсо, аларды көрсөтүңүз

____________________

2. Кызмат орду, иштеген жери, кызмат өтөгөн жери (кызмат ордунун жана ишкананын, мекеменин, уюмдун, министрликтин бөлүмдөрүнүн ж.б. так аталыштары көрсөтүлөт) ____________________

____________________

____________________

3. Жынысы_______ 4. Туулган датасы ____________ 5. Улуту ____________

6.Туулган жери ____________________

7. Билими ____________________

____________________

(кайсы окуу жайын, кайдан жана качан бүтүргөн)

8. Илимий даражасы, илимий наамы, атайын наамы ____________________

____________________

9. Кандай мамлекеттик жана ведомстволук сыйлыктар менен сыйланган, сыйланган датасы:____________________

____________________

____________________

10. Жалпы иш стажы ____________ 11. Тармактагы иш стажы ____________

12. Уюмдагы иш стажы ____________________

13. Иш жүзүндө жашаган дареги____________________

14. Байланыш телефону____________________

15.Сыйлануучунун өзгөчө сиңирген эмгеги____________________

____________________

____________________

16. Талапкер ____________________

(аты-жөнү)

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ардак грамотасы менен сыйлоого көрсөтүлөт.

Сыйлоо жөнүндө чечим кабыл алынды:

____________________

(сыйлоо жөнүндө өтүнмө берген уюмдун аталышы)

20__-ж. «______» ____________ № ____________ протокол

Жетекчи____________________ ____________

(аты-жөнү, кызмат орду) (колу)

20__-ж. «_____» ____________ М.О.

____________________ (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ардак грамотасына сунуш кылуу, аны тапшыруу, эсепке алуу жана сактоо, дубликат берүү жана сыйлоо тууралуу чечимди жокко чыгаруу тартиби жөнүндө Жобонун 2.1 жана 2.2- пунктуна ылайык демилгечи)

Жетекчи/____________________ ____________

Депутат (аты-жөнү, кызмат орду) (колу)

20_____-ж. «_____» ____________ М.О.



Scanned with CamScanner

Тиркеме 4

## КРдин Ардак грамотасы менен сыйлоого көрсөтүү барагы

1. Аты-жөнү ____________________________________________

____________________________________________

2. Кызматы, иштеген орду ____________________________________________

____________________________________________

(уюмдун, мекеменин аталышы)

1. Жынысы ____________ 4. Туулган датасы ____________

(күнү, айы, жылы)

5. Туулган жери ____________________________________________

(облус, шаар, район, айыл)

____________________________________________

6. Билими ____________________________________________

____________________________________________

(билими боюнча адистиги, окуу жайдын аталышы, аяктаган жылы)

7. Окумуштуулук даражасы, окумуштуулук наамы ____________________

____________________________________________

8. Кандай мамлекеттик сыйлыктар менен сыйланган жана сыйланган даталары

____________________________________________

____________________________________________

9. Үйүнүн дареги: ____________________________________________

10. Жалпы иш стажы ____________ Тармактагы иш стажы ____________

Бул жамааттагы иш стажы ____________________________________________

11. Иштеген жылдары (жогорку жана атайын орто окуу жайларындагы окуусун, аскер кызматын кошкондо)

| Айы жана жылы | | Уюмду көрсөтүү менен кызмат орду | Уюмдун турган орду |
|---|---|---|---|
| киргени | кеткени | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |

1-11-пункттарда көрсөтүлгөн маалыматтар эмгек китепчедеги маалыматтарга ылайык келет.

____________________________ ____________ ____________

(кадрдык бөлүмдүн кызматкеринин кызмат орду) (колу) (аты жөнү)

М.О.



Scanned with CamScanner

12. Сыйлыкка сунушталган адамдын конкреттүү салымдарын көрсөтүү менен мүнөздөмө

Талапкер______________________________________________________________

______________________________________________________________________

(аты-жөнү)

______________________________________________________________________

(уюмдун аталышы)

______________________________________________________________________ сунушталды.

(талкуулоо датасы, протоколдун № ____________________)

Жетекчи                                        Жамааттык органдын төрагасы

______________________                ______________________

(колу)                                        (колу)

М.О.                                        М.О.

______________________                ______________________

(аты-жөнү)                                        (аты-жөнү)

______________________________________________________________________

(мамлекеттик органдын жетекчиси)

______________________                ______________________

(колу)                                        (аты-жөнү)

М.О.

20___-жылдын "______" _________________



Scanned with CamScanner

**Тиркеме 5**

# СЫЙЛОО БАРАГЫ

1. **Сыйлана турган адамдын аты жөнү** ______________________________

______________________________________________

2. **Кызматы, иштеген орду.** ______________________________

______________________________________________

______________________________________________

3. **Туулган жылы, айы** ______________________________
4. **Билими: (кайсы окуу жайын, качан бүтүргөн)** ______________________

______________________________________________

______________________________________________

5. **Илимий даражасы:** ______________________________
6. **Жалпы иш жылдары:** ______________________________
7. **Мамлекеттик кызматтагы иш жылдары:** ______________________
8. **Азыркы иштеген мекемедеги иш жылдары:** ______________________

______________________________________________

9. ______________________________________________

**(сыйлыктын түрү)**

______________________________ **сунуштоо чечими кабыл алынды**

______________________ **№ протоколу** ______________________

**(протоколдун №, датасы)**

**Профсоюздук уюмдун жетекчиси:** ____________________ ____________________

**(кол тамгасы)** **(аты-жөнү)**

**"Макулдашылды"**

**Жетекчи:** ______________ ______________ ______________

**(кызматы)** **(кол тамгасы)** **(аты жөнү)**

**М.О.**

**"____" ______________ 20___-ж.**



Scanned with CamScanner

Тиркеме 6


Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги

Ош мамлекеттик университети

723500, Ош ш., Ленин к., 331
тел.: (+996 3222) 70712,
факс: (+996 3222) 70915
e-mail:edu@oshsu.kg www.oshsu.kg
Э/Сч. №1290393230420323
Ошский филиал ОАО РСК Банк
ИСН 00207199610017

Министерство образования и науки Кыргызской Республики

Ошский государственный университет

723500, г. Ош, ул. Ленина 331
тел.: (+996 3222) 70712,
факс: (+996 3222) 70915
e-mail:edu@oshsu.kg www.oshsu.kg
Р/Сч. №1290393230420323
"РСК Банк" ААКтын Ош филиалы
ИНН 00207199610017


"______"_____2024-ж. №________

**Кыргыз Республикасынын**
**Билим берүү жана илим**
**министрлигине**

**Сунуштама**

______________________
(талапкердин аты-жөнү)

______________________
(илимий наамы, даражасы)

______________________
(кызматы)

**Талапкердин аты-жөнү**________________________________________

Туулган жылы, улуту, билими, кайсы окуу жайды, кайсы адистик менен аяктагандыгы, педагогикалык стажы - _ жыл.

Талапкердин ишмердүүлүгүндөгү жетишкендиктери, ийгиликтери, эмгектери, билим берүү тармагына кошкон салымы так, кыска, төмөнкү критерийлерге ылайык жазылуусу шарт.

- Илимий даражасы, илимий наамынын болуусу;
- Эл аралык долбоорлор менен иштөөсү;
- Чет өлкөлөрдө өткөрүлгөн конференцияларда билим берүү жана илимий багыттарда (Scopus, Web of Science) докладдарды жасап, макалаларынын жарыялануусу;
- Ойлоп табуу, илимий ачылыштары, монографиялары болуусу;
- Диссертациялык кеңештин мүчөсү жана кандидаттык, докторлук дисстертацияларга жетекчи болуусу;
- Министрлик же көз карандысыз уюмдар тарабынан уюштурулган рейтингдерге катышуусу;
- Студенттер үчүн министрликтин грифи менен чыккан окуу китептеринин автору болуусу;
- Акыркы 3 жылдагы квалификациясын жогорулатуу курстарына катышуусу боюнча маалымат;
- Билим берүүнүн сапатын кепилдөөчү ар түрдүү комиссиялардагы, жумушчу топтордогу (Көз карандысыз аккредитациялык агенттиктердин эксперти, эл аралык деңгээлдеги кесиптик билим берүүнү реформалоо боюнча уюмдардын эксперти) иши боюнча маалымат;
- Университеттин, билим берүү уюмдарынын ардак грамотасы болуусу.

Ош мамлекеттик университетинин ректораты__________________________________



Scanned with CamScanner

___________________________________________
(факультети, кафедрасы, кызматы, илимий даражасы)

___________________________________________
(талапкердин аты-жөнү)

билим берүү системасында эмгектенген иш-тажрыйбасын жана ОшМУнун өнүгүүсүнө кошкон салымын эске алуу менен көп жылдан бери үзүрлүү иштеп, билим берүүдө, илимде сиңирген эмгектери, коомдук турмуштагы көрсөткөн активдүүлүктөрү үчүн

___________________________________________
(талапкердин аты-жөнү)

сунуш кылат жана колдоп берүүңүздү суранат.

**ОшМУнун ректору:** ____________________ ____________
(аты-жөнү) (колу)

“______” ________20__-ж. М.О.

Тиркеме 7


Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги

Министерство образования и науки Кыргызской Республики

Ош мамлекеттик университети

Ошский государственный университет

723500, Ош ш., Ленин к., 331
тел.: (+996 3222) 70712,
факс: (+996 3222) 70915
e-mail:edu@oshsu.kg www.oshsu.kg
Э/Сч. №1290393230420323
Ошский филиал ОАО РСК Банк
ИСН 00207199610017

723500, г. Ош, ул. Ленина 331
тел.: (+996 3222) 70712,
факс: (+996 3222) 70915
e-mail:edu@oshsu.kg www.oshsu.kg
Р/Сч. №1290393230420323
"РСК Банк" ААКтын Ош филиалы
ИНН 00207199610017


"______"_____2024-ж. №________

**Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине**

**Жолдомо кат**

Ош мамлекеттик университетинин жобосуна ылайык жылдын жыйынтыгы менен мугалимдер күнүнө карата окуу жайда көп жылдык үзүрлүү эмгеги, билим берүү тармагына кошкон салымы, жаш муундарды окутуп-тарбиялоодогу ийгиликтери жана жетишкендиктери үчүн Ош мамлекеттик университетинин төмөндөгү кызматкери

____________________________________________
(сыйлыктын аталышы)

менен сыйлоону сунуштайт жана колдоп берүүнүздү суранат:

| № | Талапкердин аты-жөнү, туулган жылы | Кызматы | Жалпы стажы | Пед. стажы | ОшМУ дагы стажы | Сыйлыктары, жылы | Салымы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | | |

Сыйлыкка сунушталган талапкер ОшМУнун Окумуштуулар Кеңешинин 20__ -жылдын "____"___________ өткөн №_____ жыйынында сунушталган.

**ОшМУнун ректору:** __________________ __________
(аты-жөнү) (колу)

"_____" _______20__-ж. М.О.



Scanned with CamScanner

**Тиркеме 8**

**Сыйлыктарга даярдалуучу документтердин тизмеси:**

- ***Ош облусунун ыйгарым укуктуу өкүлүнүн Ардак грамотасы;***
- ***Ош шаардык мэриясынын Ардак грамотасы;***
- ***Ош шаардык кеңешинин Ардак грамотасы:***

1. Документтердин тизмеси (ар бир документтер тиркелген беттерин көрсөтүү);
2. Ректораттан жолдомо кат;
3. Ректораттан сунуштама кат;
4. Толтурулган сыйлоо барагы;
5. Факультеттин Окумуштуулар кеңешинин же педагогикалык кеңешинин чечими;
6. Сыйлыктарынын көчүрмөсү (кадрлар бөлүмү аркылуу күбөлөндүрүлүшү зарыл).
7. Паспорттун көчүрмөсү;
8. Резюме.

- ***Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин Ардак грамотасы;***
- ***Билим берүү жана илим министрлигинин илимдин мыктысы төш белгиси;***
- ***Билим берүү жана илим министрлигинин билим берүүнүн мыктысы төш белгиси;***
- ***Саламаттыкты сактоо министрлигинин Ардак грамотасы;***
- ***Саламаттыкты сактоо министрлигинин төш белгиси;***
- ***Финансы министрлигинин Ардак грамотасына:***

1. Документтердин тизмеси (ар бир документтер тиркелген беттерин көрсөтүү);
2. Ректораттан жолдомо кат.
3. Ректораттан сунуштама кат.
4. Толтурулган сыйлоо барагы;
5. Факультеттин Окумуштуулар кеңешинин чечими;
6. Сыйлыктарынын көчүрмөсү (кадрлар бөлүмү аркылуу күбөлөндүрүлүшү зарыл);
7. Эмгек китепчесинин көчүрмөсү көчүрмөсү (кадрлар бөлүмү аркылуу күбөлөндүрүлүшү зарыл);
8. Талапкерлердин илимий иштеринин жана окуу китептеринин, окуу-методикалык эмгектеринин тизмеси (кадрлар бөлүмү аркылуу күбөлөндүрүлүшү зарыл);
9. Паспорттун көчүрмөсү.
10. Резюме.

**Эскертүү:** Жогорудагы көрсөтүлгөн тизме бардык министрликке тийиштүү.

- ***Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы;***
- ***КРдин илимине эмгек сиңирген ишмер наамы;***
- ***КРдин билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер ардактуу наамы;***
- ***КРдин маданиятына эмгек сиңирген ишмер наамы;***
- ***Эмгек сиңирген экономист ардактуу наамы;***
- ***Эмгек сиңирген врач ардактуу наамы;***
- ***Саламаттык сактоосуна эмгек сиңирген кызматкер:***

1. Документтердин тизмеси (ар бир документтер тиркелген беттерин көрсөтүү);
2. Ректораттан жолдомо кат;
3. Министрдин наамына мекеменин жетекчисинин колу коюлган сунуш (электрондук түрү сөзсүз керек);
4. Толтурулган сыйлоо барагы (бекителген №1форма);
5. Токтомдун же болбосо коллегиянын чечиминин көчүрмөсү (мэриянын токтомунан көчүрмөсү);
6. ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинин чечиминин көчүрмөсү;
7. Талапкерлердин илимий иштеринин жана окуу китептеринин, окуу-методикалык эмгектеринин тизмеси (кадрлар бөлүмү аркылуу күбөлөндүрүлүшү зарыл);
8. Окумуштуулук даражасы жана наамы (нотариус тарабынан күбөлөндүрүлүшү зарыл);
9. Резюме;
10. Өмүр баян;
11. Сыйлыктарынын көчүрмөсү (нотариус тарабынан күбөлөндүрүлүшү зарыл);
12. Сүрөт ¾ (2даана);
13. Эмгек китепчесинин көчүрмөсү (нотариус тарабынан күбөлөндүрүлүшү зарыл);
14. Паспорттун көчүрмөсү.
15. Иштеп жаткан жеринен буйруктун көчүрмөсү;
16. Соттолбогондугу тууралуу справка (КРнын ИИМ);
17. Тартиптик жазасы бар жоктугу тууралуу справка.

**Эскертүү:** Жогоруда көрсөтүлгөн тизме мамлекеттик сыйлыктардын бардык түрүнө тийиштүү.

***Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Ардак грамотасына, сыйлыктарына:***

1. Документтердин тизмеси (ар бир документтер тиркелген беттерин көрсөтүү);
2. Ректораттан жолдомо кат;
3. Министрдин наамына мекеменин жетекчисинин колу коюлган сунуш (электрондук түрү сөзсүз керек);
4. Толтурулган сыйлоо барагы;
5. Факультеттин Окумуштуулар кеңешинин талкуусунун протоколунун көчүрмөсү;
6. Сыйлыктарынын көчүрмөсү иштеген жериндеги кадрлар бөлүмүндө же нотариус тарабынан күбөлөндүрүлүшү зарыл);
7. Эмгек китепчесинин көчүрмөсү (иштеген жериндеги кадрлар бөлүмүндө же нотариус тарабынан күбөлөндүрүлүшү зарыл);
8. Талапкерлердин илимий иштеринин жана окуу китептеринин, окуу-методикалык эмгектеринин тизмеси (кадрлар бөлүмү аркылуу күбөлөндүрүлүшү зарыл);
9. Паспорттун көчүрмөсү;
10. Резюме;
11. Тартиптик жазасы бар жоктугу тууралуу справка.



Scanned with CamScanner

| **Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ардак грамотасына:** | ❖ ***Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын Ардак грамотасы;***<br>❖ ***Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын "Кыргыз тили" төш белгисине:*** |
|---|---|
| 1. Документтердин тизмеси (ар бир документтер тиркелген беттерин көрсөтүү);<br>2. Ректораттан жолдомо кат;<br>3. Министрдин наамына мекеменин жетекчисинин колу коюлган сунуш (электрондук түрү сөзсүз керек);<br>4. Толтурулган сыйлоо барагы;<br>5. Факультеттин Окумуштуулар кеңешинин талкуусунун протоколунун көчүрмөсү;<br>6. Сыйлыктарынын көчүрмөсү (нотариус же болбосо иштеген жери боюнча тиешелүү бөлүмү тарабынан күбөлөндүрүлүшү зарыл);<br>7. Эмгек китепчесинин көчүрмөсү (нотариус же болбосо иштеген жери боюнча тиешелүү бөлүмү тарабынан күбөлөндүрүлүшү зарыл);<br>8. Талапкерлердин илимий иштеринин жана окуу китептеринин, окуу-методикалык эмгектеринин тизмеси (кадрлар бөлүмү аркылуу күбөлөндүрүлүшү зарыл);<br>9. Паспорттун көчүрмөсү;<br>10. Резюме;<br>11. Соттолбогондугу жөнүндө маалымкат;<br>12. Тартиптик жазасы бар жоктугу тууралуу справка. | 1. Документтердин тизмеси (ар бир документтер тиркелген беттерин көрсөтүү);<br>2. Ректораттан жолдомо кат.<br>3. Ректораттан сунуштама кат.<br>4. Толтурулган сыйлоо барагы;<br>5. Билим берүү уюмунун педагогикалык кеңешинин же Окумуштуулар кеңешинин чечими;<br>6. Сыйлыктарынын көчүрмөсү (кадрлар бөлүмү аркылуу күбөлөндүрүлүшү зарыл);<br>7. Эмгек китепчесинин көчүрмөсү көчүрмөсү (кадрлар бөлүмү аркылуу күбөлөндүрүлүшү зарыл);<br>8. Талапкерлердин илимий иштеринин жана окуу китептеринин, окуу-методикалык эмгектеринин тизмеси (кадрлар бөлүмү аркылуу күбөлөндүрүлүшү зарыл);<br>9. Паспорттун көчүрмөсү.<br>10. Резюме. |



Scanned with CamScanner

## ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

Ош шаары

**ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинин**
**2024-жылдын 1-мартындагы № 6 жыйынынын**
**ТОКТОМУНАН КӨЧҮРМӨ**
**Күн тартиби**

**3.16. «Ош мамлекеттик университетинин сыйлыктары жөнүндө» жобосун бекитүү жөнүндө**

КРдин Президентинин 2023-жылдын 22-февралындагы ПЖ №34 Жарлыгынын редакциясына ылайык "КРдин мамлекеттик сыйлыктарына жана ардак наамдарына сунуш кылуунун, сыйлоонун, тапшыруунун, дубликаттарын берүүнүн, ыйгаруу жана сыйлоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыктарын жокко чыгаруунун тартиби жөнүндө", жобосуна, КРдин Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын 2023-жылындагы "КРдин Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын сыйлыктары жөнүндө" буйругуна, КРдин Өкмөтүнүн 2018-жылдын 22-октябрындагы №497, 2019-жылдын 27-декабрындагы №714 токтомдорунун редакцияларына ылайык "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Ардак грамотасы жөнүндө" жобосуна, КРдин Жогорку Кеңешинин төрагасынын 2023-жылдын 27-мартындагы №15 тескемеси менен бекитилген "КРдин Жогорку Кеңешинин Ардак грамотасына сунуш кылуу, аны тапшыруу, эсепке алуу жана сактоо, дубликат берүү жана сыйлоо тууралуу чечимди жокко чыгаруу тартиби жөнүндө" жобосуна, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2022-жылдын 23-майындагы №948/1 буйругу менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин ведомстволук сыйлыктары жөнүндө" жобосуна, КРдин Саламаттыкты сактоо министрлигинин 2022-жылдын 19-апрелинде бекитилген "О ведомственных наградах министерства здравоохранения Кыргызской Республики" №483 буйругуна, 2021-жылдын 24-февралында №584-ФХД/21 буйругу менен бекитилген Ош мамлекеттик университетинин ички эмгек тартип эрежелерине, 2022-жылдын 25-августунда №3175-ФХД/22 буйругу менен бекитилген Ош мамлекеттик университетинин Жамааттык келишимине ылайык келтирүү максатында "Ош мамлекеттик университетинин сыйлыктары жөнүндө" Жобосу иштелип чыгып, ОшМУнун 2024-жылдын 16-февралындагы Административдик кеңешинин № 17 отурумунда «Ош мамлекеттик университетинин сыйлыктары жөнүндө» жобосу каралып, талкууланып, кабыл алынган чечим боюнча аталган жобону бекитүү ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинде бекитүүгө сунушталган.

**УГУЛДУ:** ОшМУнун окуу иштери боюнча Н. К. Омуров негизги маселеге кирген ОшМУнун сыйлыктары жөнүндө жобо менен тааныштырып, талкууга алып, айтылган сунуштардын негизинде Окумуштуулар кеңеши төмөндөгүдөй **ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Ош мамлекеттик университети тарабынан берилүүчү сыйлыктарды кароо боюнча туруктуу комиссия курамы түзүлсүн.
2. Сыйлыктарга квоталарды бөлүштүрүү комиссиянын төрагасына жана орун басарына жүктөлсүн.
3. Сыйлыктарга көрсөтүү үчүн факультеттерден/колледждерден/структуралардан келген билдирүүлөр жана сыйлыкка көрсөтүлгөн талапкерлердин тиешелүү документтери КБнын башчысы Г. Турдубаевага тапшырылсын.

Scanned with CamScanner

4. Жобонун талаптарын так аткаруу кафедра башчыларына/факультеттин декандарына/колледждердин директорлоруна/ структура жетекчилерине милдеттендирилсин;

5. Бул чечимдин аткарылышын көзөмөлдөө ОшМУнун ректор, профессор К. Г. Кожобековго жүктөлсүн.

**ОшМУнун ректору, профессор** **К. Г. Кожобеков**

**Окумуштуу катчы, доцент** **Дж. Ж. Асанбекова**

Копия верна:
Ученый секретарь ОшГУ
Асанбекова Дж.Ж.

Scanned with CamScanner

№ 1096-ФХД/24 11.03.2024

# ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

Ош шаары

## БУЙРУК

КРдин Президентинин 2023-жылдын 22-февралындагы ПЖ №34 Жарлыгынын редакциясына ылайык "КРдин мамлекеттик сыйлыктарына жана ардак наамдарына сунуш кылуунун, сыйлоонун, тапшыруунун, дубликаттарын берүүнүн, ыйгаруу жана сыйлоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыктарын жокко чыгаруунун тартиби жөнүндө", жобосуна, КРдин Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын 2023-жылындагы "КРдин Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын сыйлыктары жөнүндө" буйругуна, КРдин Өкмөтүнүн 2018-жылдын 22-октябрындагы №497, 2019-жылдын 27-декабрындагы №714 токтомдорунун редакцияларына ылайык "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Ардак грамотасы жөнүндө" жобосуна, КРдин Жогорку Кеңешинин төрагасынын 2023-жылдын 27-мартындагы №15 тескемеси менен бекитилген "КРдин Жогорку Кеңешинин Ардак грамотасына сунуш кылуу, аны тапшыруу, эсепке алуу жана сактоо, дубликат берүү жана сыйлоо тууралуу чечимди жокко чыгаруу тартиби жөнүндө" жобосуна, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2022-жылдын 23-майындагы №948/1 буйругу менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин ведомстволук сыйлыктары жөнүндө" жобосуна, КРдин Саламаттыкты сактоо министрлигинин 2022-жылдын 19-апрелинде бекитилген "О ведомственных наградах министерства здравоохранения Кыргызской Республики" №483 буйругуна, 2021-жылдын 24-февралында №584-ФХД/21 буйругу менен бекитилген Ош мамлекеттик университетинин ички эмгек тартип эрежелерине, 2022-жылдын 25-августунда №3175-ФХД/22 буйругу менен бекитилген Ош мамлекеттик университетинин Жамааттык келишимине ылайык келтирүү максатында "Ош мамлекеттик университетинин сыйлыктары жөнүндө" Жобосу иштелип чыгып, ОшМУнун 2024-жылдын 16-февралындагы Административдик кеңешинин № 17 отурумунда «Ош мамлекеттик университетинин сыйлыктары жөнүндө» жобосу каралып, талкууланып, кабыл алынган чечим боюнча аталган жобону бекитүү ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинде бекитүүгө сунушталган.

2024-жылдын 1-мартындагы ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинде № 6 протоколунун чечиминин негизинде «Ош мамлекеттик университетинин сыйлыктары жөнүндө» жобосун бекитүү деп аталган № 3.16. маселе боюнча төмөндөгүдөй **буйрук кылам:**

1. Ош мамлекеттик университети тарабынан берилүүчү сыйлыктарды кароо боюнча туруктуу комиссия курамы түзүлсүн.
2. Сыйлыктарга квоталарды бөлүштүрүү комиссиянын төрагасына жана орун басарына жүктөлсүн.
3. Сыйлыктарга көрсөтүү үчүн факультеттерден/колледждерден/структуралардан келген билдирүүлөр жана сыйлыкка көрсөтүлгөн талапкерлердин тиешелүү документтери КБнын башчысы Г. Турдубаевага тапшырылсын.

ДОКУМЕНТ ПОДПИСАН электронной подписью от 12.05.2021

Scanned with CamScanner

№ 1096-ФХД/24 11.03.2024

4. Жобонун талаптарын так аткаруу кафедра башчыларына/факультеттин декандарына/колледждердин директорлоруна/ структура жетекчилерине милдеттендирилсин;

5. Бул чечимдин аткарылышын көзөмөлдөө ОшМУнун ректор, профессор К. Г. Кожобековго жүктөлсүн.

*Негиз: Окумуштуу катчынын билдирүүсү, ректордун сунушу*

**ОшМУнун ректору,**
**профессор** **К. Г. Кожобеков**

ДОКУМЕНТ
ПОДПИСАН
электронной подписью
Распоряжение ОшГУ №19-р/21 от 12.05.2021

Scanned with CamScanner